*Кыргыз Республикасынын*
*Жогорку Сотунун Пленумунун*
*2004-жылдын 22-октябрындагы*
*№ 9 токтому менен*
*«БЕКИТИЛДИ»*

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун РЕГЛАМЕНТИ

(Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2012-жылдын 18-сентябрындагы №9-токтомунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомунун редакцияларына ылайык)

1-Глава. Жалпы жоболор
1-1-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасын, Төраганын орун басарларын шайлоо тартиби.
2-Глава. Соттук коллегияларын жана соттук курамдарын түзүү тартиби.
3-Глава. Соттук коллегиясынын төрагасы. Соттук курамда төрагалык кылуучу.
4-Глава. Соттук отурумду өткөрүүнү уюштуруу.
5-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Президиуму (Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомуна ылайык алып салынган).
6-Глава. Жаңы ачылган жагдайлар боюнча сот иштерин кароо.
7-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму.
8-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумун чакыруу тартиби.
9-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунда маселелерди маселелерди кароону киргизүү.
10-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун отуруму.
11-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтому.
12-Глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму тарабынан мыйзамдардын жана башка ченемдик актыларынын долбоорлорун коомдук экспертизадан өткөрүү.

## 1-Глава. Жалпы жоболор

1.1 Бул Регламент «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан.

Регламент Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жана жергиликтүү соттордун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо боюнча ички ишинин бөлүгүн жөнгө салат жана ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьяларына, аппаратына Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттору үчүн милдеттүү болуп саналат.

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомунун редакциясына ылайык).*

1.2. Жогорку Соттун жана жергиликтүү соттордун иш кагаздарын жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы тарабынан бекитилген Инструкцияга ылайык жүзөгө ашырылат.

1.3. Жогорку Сотто, жергиликтүү соттордо мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын эсеби, маалыматтык сурап билүү иштери Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы тарабынан бекитилген Эреженин негизинде жүргүзүлөт.

1.4. Жогорку Сотто жана жергиликтүү соттордо статистикалык отчёттуулук Жогорку Соттун Төрагасы бекиткен формалар боюнча жүргүзүлөт.

Статистикалык маалыматтар баштапкы эсепке негизделет, ал ар бир сот ишине, арызга жана даттанууларга эсептик-статистикалык карточкаларын жүргүзүүдөн турат жана Жогорку Соттун Төрагасы тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө Жогорку Сотко берилет.

Статистикалык отчёттуулукту так жана аны өз убагында берүү жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун соттук коллегияларынын төрагаларына, жергиликтүү соттордун төрагаларына, ал эми аларды иштетүү жана жалпылоо - Жогорку Соттун аппаратынын жетекчисине жүктөлөт.

1.5. Жогорку Соттун Пленумунун компетенциясындагы Жогорку Соттун, жергиликтүү соттордун иши жана уюштуруу маселелери Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Мыйзамына жана ушул Регламентке ылайык чечилет.

1.6. Сот иштери көзөмөл иретинде Жогорку Соттун соттук коллегияларынын соттук курамдары тарабынан, Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндөгү» Мыйзамында, процесс мыйзамдарында жана ушул Регламентте белгиленген тартипте каралат.

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомунун редакциясына ылайык).*

## 1-1-Глава
## Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасын, Төраганын орун басарларын шайлоо тартиби.

(Глава Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 18-сентябрындагы №9-токтомунун редакциясына ылайык)

1-1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы, Төраганын орун басарлары, Жогорку Соттун соттор жыйынында (мындан ары – соттор жыйыны) 3 жылдык мөөнөткө Жогорку Соттун судьяларынын ичинен шайланат.

Бир эле адам Жогорку Соттун Төрагасы, Төраганын орун басары болуп эки мөөнөткө катары менен шайлана албайт.

1-1.2. Соттордун биринчи жыйыны Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьяларынын жалпы курамынын үчтөн эки бөлүгү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан шайланып Жогорку Соттун судьялары ант бергенден күндөн баштап он күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт.

1-1.3. Жогорку Соттун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоодогу соттордун жыйынына Жогорку Соттун судьяларынын жалпы курамынын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес катышканда гана ыйгарым укуктуу болуп эсептелинет.

1-1.4. Жогорку Соттун Төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоодогу соттор жыйынында төрагалык кылуу Жогорку Соттун Төрагасына жүктөлөт.

Жогорку Соттун Төрагасы шайланганга чейинки соттор жыйынында төрагалык кылуу, Жогорку Соттун Төрагасы, төраганын орун басарлары жок болсо, ага катышкан Жогорку Соттун судьяларынын жашы боюнча эң улуусуна табышталат.

Жогорку Соттун төрагасын шайлоодогу соттор жыйынында төрагалык кылуу, Жогорку Соттун төрагасы жок болуп, төраганын орун басарлары бар болсо, орун басарлардын ичинен эң улуусунун жетекчилигинде өткөрүлөт.

Жогорку Соттун Төрагасынын орун басарларын шайлоо, Жогорку Соттун Төрагасын шайлагандан кийин жүзөгө ашырылат. Жогорку Соттун Төрагасынын орун басарларын шайлоо процедурасы Жогорку Соттун Төрагасын шайлоо тартибиндей эле өтөт.

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомунун редакциясына ылайык).*

1-1.5. Жогорку Соттун Төрагасынын, төраганын орун басарларынын ыйгарым укук мөөнөттөрү, аларды шайлаган күндөр башталат жана тиешелүү айдын тиешелүү күнүндө, жаңы төраганы, төраганын орун басарларын шайлаганда токтотулат.

Жогорку Соттун жаңы Төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо, иштеп жаткан төраганын, төраганын орун басарларын шайлаган мөөнөтүнүн акыркы айында өткөрүлөт. Эгерде, ушул пунктта көрсөтүлүп аныкталган мөөнөттө, Жогорку Соттун жаңы төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо өткөрүлбөсө, шайланып иштеп жаткан Жогорку Соттун төрагасы, төраганын орун басарлары өз ыйгарым укуктарын, Жогорку Соттун жаңы төрагасы, төраганын орун басарлары шайланганга чейин улантышат.

Эгерде, Жогорку Соттун төрагасы, төраганын орун басарлары ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотсо, бош кызмат орундарды ээлөө, шайлоо тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомунун редакциясына ылайык).*

1-1.6. Жогорку Соттун Төрагасы, төраганын орун басарлары ачык добуш берүү менен шайланат.

1-1.7. Тиешелүү кызмат орундарына талапкерлерди аныктоо маселесин ачык талкуулоого төрагалык кылуучу алып чыгат. Талапкерлерди шайлоого көрсөтүү судьялар тарабынан, ошондой эле өзүн өзү көрсөтүү жолу менен сунушталат.

1-1.8. Төрагалык кылуучу тарабынан, тиешелүү кызмат ордуна шайланууга, өзү баш тартуу алган жактан сырткары, көрсөтүлгөн баардык талапкерлер тизмеге киргизилет.

1-1.9. Ар бир талапкер өзүнөн баш тартуу келтирүүгө укуктуу.

1-1.10. Жыйында ачык добуш берүү кол көтөрүү жолу менен жүргүзүлөт.

Төрагалык кылуучу келтирилген сунуштарды ачык добушка коюудан мурда, алардын түрлөрүн, ырааттуулугун текшерип, санын билдирип, канча добуш менен чечим кабыл алына турганын эскертип анан добушка коёт.

Төрагалык кылуучу добуш берүү башталганын билдиргенден кийин эч кимге аны үзгүлтүккө учуратууга жол берилбейт.

Чечим кабыл алынганы же кабыл алынбаганы тууралуу жыйынтыкты төрагалык кылуучу добуш берүүнүн эсеби чыккандан кийин билдирет.

Ачык добуш берүүнүн жыйынтыгы протоколго киргизилет.

1-1.11. Соттор жыйынында катышкандардын көпчүлүгүнүн добушун алган судья тиешелүү кызмат ордуна шайланды деп эсептелинет.

1-1.12. Эгерде, талапкерлердин бирөөсү да биринчи турда шайланууга талап кылынган добушту топтой албаса, добушунун саны боюнча эң көп добуш топтогон эки талапкердин ортосунда добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Эгерде, кийинки эң көп добуш топтогон талапкерлер эки же андан көп болсо, анда алар баардыгы добушка коюлат.

1-1.13. Добуш берүүнүн экинчи туру, добуш берүүнүн биринчи турундагы тартипте өткөрүлөт. Эгерде, талапкер, соттор жыйынына катышкандардын жарымынан көбүрөөгүнүн добушун, добуш берүүнүн экинчи турунда топтой албаса жаңы талапкерлерди сунуш кылуу менен жаңыдан добуш берүү өткөрүлөт.

1-1.14. Жогорку Соттун Төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо соттор жыйынынын чечими менен катталат.

1-1.15. Жогорку Соттун судьяларынын, Төраганы, төраганын орун басарларын шайлоо боюнча өткөрүлө турган соттор жыйынын уюштурууну камсыз кылуу Жогорку Соттун аппаратына жүктөлөт.

## 1-2-Глава.
## Жергиликтүү соттордун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо тартиби.

(Глава Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 18-сентябрындагы №9-токтомунун редакциясына ылайык)

1-2.1. Жергиликтүү соттордун төрагасы, төраганын орун басарлары тиешелүү болгон жергиликтүү соттор жыйынында (мындан ары – соттор жыйыны), тиешелүү жергиликтүү соттордун судьяларынын ичинен (мындан ары – жергиликтүү соттор) 3 жылдык мөөнөткө шайланат.

Бир эле киши жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басары болуп катары менен эки жолу шайланбайт.

1-2.2. Соттор жыйыны биринчи жолу жергиликтүү соттордун жалпы курамынын үчтөн эки бөлүгү шайланып ант берген күндөн баштап он күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт.

1-2.3. Жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басарларын шайлоодогу соттор жыйыны, ага жергиликтүү соттун судьяларынын жалпы курамынын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес катышканда укуктуу болуп эсептелинет.

1-2.4. Соттор жыйынында төрагалык кылуу, жергиликтүү соттун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоодо, жергиликтүү соттун төрагасына жүктөлөт.

Жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басарлары жок болсо, жергиликтүү соттун төрагасын соттор жыйынында шайлоо, ага катышкан жергиликтүү соттун судьяларынын жашы боюнча эң улуусуна табышталат.

Жергиликтүү соттун төрагасы жок болуп төраганын орун басарлары бар болсо, соттор жыйынында жергиликтүү соттун төрагасын шайлоо төраганын орун басарларынын эң улуусунун жетекчилигинде өткөрүлөт.

Жергиликтүү соттун төрагасынын орун басарларын шайлоо, жергиликтүү соттун төрагасын шайлагандан кийин жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү соттун төрагасынын орун басарларын шайлоо процедурасы, жергиликтүү соттун төрагасын шайлоо тартибинде эле өтөт.

1-2.5. Жергиликтүү соттун төрагасынын, төраганын орун басарларынын укук мөөнөттөрү аларды шайлаган күндөр башталат, тиешелүү айдын тиешелүү күнүндө жаңы төраганы, төраганын орун басарларын шайлаганда токтотулат.

Жергиликтүү соттун жаңы төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо ушул Главанын эрежелерин сактоо менен иштеп жаткан төраганын, төраганын орун басарларын шайлаган мөөнөтүнүн акыркы айында өткөрүлөт. Эгерде, ушул пунктта көрсөтүлүп аныкталган мөөнөттө, жергиликтүү соттун жаңы төрагасы, төраганын орун басарларын шайлоо өткөрүлбөсө шайланып иштеп жаткан жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басарлары өз ыйгарым укуктарын жергиликтүү соттун жаңы төрагасы, төраганын орун басарлары шайланганча улантышат.

Эгерде, жергиликтүү соттун төрагасы, төрагасынын орун басарлары ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотсо бош кызмат орундарды ээлөө, шайлоо тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

1-2.6. Жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басарлары ачык добуш берүү менен шайланат.

1-2.7. Жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басарлары ушул Регламенттин 1-1-Главасынын 1-1.7.,1-1.8., 1-1.9., 1-1.10., 1-1.11., 1-1.12. жана 1-1.13-пункттарынын эрежелери менен шайланат.

1-2.8. Биринчи инстанциядагы соттун төрагасы ушул Регламентте каралган эрежелер боюнча шайланбай калган учурда, соттун төрагасынын кызмат орду судьялык жумушта көбүрөөк стажы бар судья тарабынан айкалыштырылат (эленет).

1-2.9. Жергиликтүү соттун төрагасы, төрагасынын орун басарларын шайлоо, соттун жыйынынын чечими менен тастыкталат.

1-2.10. Жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басарларын соттук жыйында шайлоону уюштуруп өткөрүү жагы жергиликтүү соттун аппаратына жүктөлөт.

Көңүл буруңуздар! Бул Главанын жоболору тиешелүү жергиликтүү соттордун курамын 2010-жылдын 27-июндагы референдумда кабыл алынган (бүткүл элдик добуш берүүдө) Конституциянын талаптарына ылайык, түзгөн күндөн тартып күчүнө кирет.

## 2-Глава.
## Сотттук коллегияларын жана соттук курамдарын түзүү тартиби

2.1 Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Мыйзамына ылайык Жогорку Сотто төмөндөгүдөй соттук коллегиялары түзүлөт.

- жазык иштер жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштери боюнча соттук коллегия:
- жарандык иштер боюнча соттук коллегия:
- административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегия.

2.2 Соттук коллегиялардын жекече курамы жана соттук коллегиялардын курамын өзгөртүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму тарабынан бекитилет.

Соттук коллегиялардын жекече курамын жана анын төрагаларын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунда бекитүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасынын орун басарларынын жана судьяларынын ичинен талапкерлерди сунуштай.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун соттук коллегияларында тиешелүү соттун коллегияларына кирген судьялардын санынан соттун курамы түзүлөт.

Ар бир соттун курамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун үч судьясынан турат, алардын бири төрага болуп дайындалат.

Соттун курамы жана ага төрагалык кылуучу Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы, же соттук коллегиясынын төрагасы тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасынын чечими менен айрым иш категориялары боюнча атайын адистештирилген курамдар түзүлүшү мүмкүн.

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомунун редакциясына ылайык).*

2.3. Соттун курамынын бирөөсү тарабынан карала баштаган иш ошол эле соттун курамы тарабынан каралууга тийиш.

Төрагалык кылуучуну же соттун курамындагы судьялардын бирин алмаштыруу ал ооруп калган учурларда, кызматтык ишсапарында болгондо, ошондой эле кимдир бирөөсүнүн өз эрки менен соттун курамынан чыгуу тууралуу билдирүүсү канааттандырылган учурда гана мүмкүн.

Ишти карап жаткан курамдагы судьяны ошол эле соттун коллегиясынын башка судьясы менен алмаштыруу жөнүндөгү маселени Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун соттук коллегиясынын төрагасы чечет.

Түрдүү соттук коллегияларынын сотторунан соттун курамын түзүү жөнүндө маселе Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы тарабынан чечилет.

Судья алмашылгандан кийин иш кайра башынан каралат.

## 3-Глава

## Соттук курамдын төрагасы.

Соттук коллегияда төрагалык кылуу

3.1 Соттун коллегиясын, коллегиялардын төрагаларын - Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасынын орун басарлары жетектейт. Соттун курамын төрагалык кылуучу жетектейт жана сот курамынын ишин уюштурат.

3.2 Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы жана анын орун басарлары судьяларга иштерди бөлүштүрөт. Иш берилген судья баяндамачы болуп эсептелет.

3.3 Чечимдердин, өкүмдөрдүн, токтомдордун жана аныктамалардын (же иш боюнча чыгарылган сот актыларынын) аткарылышын токтотуу жөнүндө сунуш берүү ишине катышкан адамдардан арыз түшкөн учурда ал сот курамы тарабынан процесстик мыйзамдардын талаптарына ылайык каралат жана чечилет.

## 4-Глава

## Соттук отурумду өткөрүүнү уюштуруу.

4.1. Ишти териштирүү атайын жабдылган жыйындар залында өткөрүлөт, ал жерде Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек болууга тийиш.

Соттун курамынын судьялары жыйынында мантия кийип олтурушат.

4.2 . Судьялар киргенде соттук отурумдун залындагылардын бардыгы ордуларынан турушат.

Соттук териштирүүдө бардык катышуучулар сотко туруп кайрылышат, маалымат беришет жана өз арыздарын айтышат. Бул эрежелерден четтөөлөргө төрагалык кылуучунун уруксаты менен гана жол берилиши мүмкүн.

Соттук териштирүүнүн катышуучулары, ошондой эле соттук отурум залында олтурушкан башка адамдар сотко «Урматтуу сот», ал эми судьяларга «Сиздин урматыңызга» - деп кайрылышат.

Соттук отурумунун катчысы сот отурумунда тартипти камсыз кылат, төрагалык кылуучунун буйруктарын аткарат.

Соттук отурумдун катчысы, соттук отурумда тартипти камсыз кылуу боюнча талабы сот отурумдун залындагы бардык адамдар үчүн милдеттүү.

Соттун отурумунда катышуучулар же жыйынга келген адамдар тарабынан тартип бузулган учурда ал сотту сыйлабагандык катары каралат жана алар Мыйзам боюнча жооп беришет.

4.3 . Соттун курамынын төрагалык кылуучусу ишти кароонун белгиленген убактысында сот отурумун ачат жана кайсы иш териштириле тургандыгын жарыялайт.

4.4 . Соттук отурумдун катчысы процесстин кабарландырылган катышуучуларынын тизмесин окуйт, алардын кимиси келгендигин жана келбей калгандардын себептерин маалымдайт. Соттун курамы тараптардын ой-пикирин угуп, олтурган жеринде кеңешет да ишти кароонун мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени чечет.

4.5 . Төрагалык кылуучу коллегиянын курамын, сот отурумунун катчысын, прокурорду, адвокатты, котормочуну жарыялайт жана иши каралган адамдардан аларда четтетүүлөр бар экендигин сурап тактайт. Баш тарткандыгы жөнүндө арыз Кыргыз Республикасынын ЖПКсине, ЖПКсине, АЖЖКсине ылайык кеңешмелер бөлмөсүндө чечилет.

4.6. Төрагалык кылуучу соттук иш боюнча келген адамдардын өтүнүчтөрүнүн бар жогун сурайт. Берилген сунуштар боюнча соттун курамы аныктама чыгарат, ал соттук отурумунун протоколуна жазылат.

4.7.Төрагалык кылуучу судья-баяндамачыга сөз берет, ал иштин маңызын, арыздын негизги себебин, аларга каршы пикирлерди маалымдайт, кошумча материалдарды жарыялайт.

4.8. Соттун курамы арыз же сунуш берген тараптын, андан кийин экинчи тараптын чыгып сүйлөгөн сөздөрүн угат. Судьялар тараптарга суроо берүүгө укуктуу.

4.9. Соттук отурумда төрагалык кылуучу иштин баардык материалдарын изилдегенден кийин ишке катышкан адамдардан иш боюнча алардын дагы кандайдыр бир толуктоолорунун

бар экендигин тактайт, эгерде мындай билдирүүлөр болбосо, төрагалык кылуучу ишти иликтөө аяктады деп жарыялайт жана соттун курамы чечим кабыл алуу үчүн кеңешме бөлмөсүнө чыгып кетишет.

4.10. Соттук чечимге соттук курамдын баардык мүчөлөрү кол коёт. Чечимге макул эмес судья да кол коюп, өзгөчө пикирин жарыялабастан чапталган конвертке салып иштин материалына тиркөөгө укуктуу.

4.11. Соттун курамынын чечими төрагалык кылуучу же болбосо соттун курамынын бир судьясы тарабынан сот залында жарыяланат. Соттун курамы чечимдин резолютивдик бөлүгүн эле жарыялоого укуктуу. Ал эми жүйөөлөштүрүлгөн чечими процессуалдык мыйзам менен чектелген мөөнөттө түзүлүшү керек.

Чечимди сот ишине катышкандар орундарынан туруп угушат.

Чечим жарыялангандан кийин төрагалык кылуучу соттун отурумун жабык деп жарыялайт.

4.12. Соттун курамынын протоколу процессуалдык мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт жана жазылат.

Протокол соттук отурумундун катчысы тарабынан соттун отуруму бүткөндөн кийин үч суткадан кеч эмес мөөнөттө даярдалышы керек.

Протоколго төрагалык кылуучу жана соттук отурумдун катчысы кол коюшат.

## 5-Глава

## Кыргыз Республикасьшын Жогорку Сотунун Президиуму

(Глава Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомуна ылайык алынып салынган)

## 6-Глава

## Жаңы ачылган жагдайлар боюнча сот иштерин кайра кароо

6.1. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Мыйзамынын талаптарына ылайык, мыйзамдуу күчүнө кирген сот актылары Кыргыз Республикасынын Жазык-Процесстик Кодекстинин 384, Жарандык-Процесстик Кодекстинин 361-беренелеринде алдын-ала каралган негиздердин бири болгон учурда кайрадан жаңы ачылган жагдай боюнча каралышы мүмкүн.

6.2. Соттук курам өзүлөрү кабыл алган сот актыларын жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароодо процессуалдык мыйзамдарда каралган талаптарга ылайык жана ушул Регламенттин 4-главасында көрсөтүлгөн жоболорго ылайыктуу жүргүзөт.

## 7-Глава

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму.

7.1 Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму Жогорку Соттун Төрагасынын, анын орун басарларынын жана Жогорку соттун судьяларынын курамында ишин алып барат.

7.2 Пленум өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын сотторунун статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамдарын, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актыларын, Кыргыз Республикасынын Президентинин указдарын жана тескемелерин, ошондой эле Регламентти жетекчиликке алат.

7.3 Пленумдун отуруму ачык жана айкын өткөрүлөт. Пленумдун отуруму Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасынын чакыруусу боюнча Кыргыз

Республикасынын Башкы прокурору, Кыргыз Республикасынын Адилет министри, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун төрагалары жана судьялары, илимий-консультативдик кеңештин мүчөлөрү, ММКнын өкүлдөрү, Жогорку Соттун аппаратынын жетекчиси, Жогорку Соттун аппаратынын башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн башчылары катыша алышат. Төрагалык кылуучунун уруксаты боюнча Пленумдун отурумунун жүрүшүндө кино жана фототартуу, видеого жазып алуулар жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.4 Пленумдун уюштуруучулук, документациялык жана маалыматтык жактан камсыз кылуу иштерин төмөндөгүлөр ишке ашырат.:

- Пленумдун катчысы;
- Жогорку Соттун аппараты.

Пленумдун катчысы Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьяларынын ичинен шайланат.

## 8-Глава

## Кыргыз Республикасынын

## Жогорку Сотунун Пленумунун чакырылыш тартиби

8.1 Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму зарылчылыгына жараша, бирок бир жылда эки жолудан кем эмес чакырылат. Пленумду чакыруунун убактысы жана анын кароосуна киргизилүүчү маселелер жөнүндө Пленумдун мүчөлөрү жана ага чакырылгандар күн мурун кабарландырылат.

8.2 Пленумдун иши жөнүндө кабарларды массалык маалымат каражаттарында жарыялаганга даярдоону Жогорку Соттун Төрагасынын басма сөз катчысы менен бирдикте Пленумдун катчысы камсыз кылат.

8.3 Маселелерди кароонун кезеги күн тартиби менен аныкталат. Пленум зарыл болгон учурда анын кезегин өзгөртүүгө укуктуу.

8.4 Пленумдун отурум залында сот бийлигинин төмөндөгүдөй символдору болууга тийиш:

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү;
- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик желеги.

-

## 9-Глава

## Кыргыз Республикасынын
## Жогорку Сотунун Пленумунда кароого
## маселелерди киргизүү

9.1. Пленумдун отурумунун күн тартибине маселелерди киргизүү боюнча сунуштар Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасынын наамына баяндама кат аркылуу жүзөгө ашырылат.

Баяндама каттарында Пленумдун кароосуна киргизилүүчү материалдын маңызы жана негиздемеси, талкуулоого алынуучу маселени киргизүү боюнча сунуш, документтердин долбоорлорун, макулдашуу жөнүндө маалымат жана калган маселелер боюнча пикир келишпестиктер баяндалып жазылат.

9.2. Пленумдун кароосуна киргизилүүчү маселелер боюнча материалдар төмөндөгүдөй түрдө берилет:

- сот практикасынын маселелери боюнча токтомдун долбоору;
- Пленумдун компетенциясына кирген Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жана жергиликтүү сотторунун ишинин башка маселелери боюнча токтомдун долбоору;

9.3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасынын тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жана жергиликтүү сотторунун судьялары, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилеринин макулдашуусу менен илимий

кызматкерлери жана адистери, Жогорку соттун аппаратынын кызматкерлери, Пленумдун материалдарын даярдоого тартылышы мүмкүн.

9.4. Сот практикасынын маселелери боюнча токтомдордун долбоорлору Пленумдун катчысына Пленумдун отурумуна чейин 15 күндөн кечиктирилбестен берилиши керек. Пленумдун компетенциясына кирген Кыргыз Республикасынын сотторунун жана жергиликтүү сотторунун ишин уюштуруу башка маселелери боюнча материалдар Пленумдун катчысына Пленумдун жыйынына 3 күн калганда берилет.

Пленумдун катчысы материалдардын белгиленген мөөнөттөрдө берилбегендиги жөнүндө тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасына билдирет.

Документтер Пленумдун катчысына эки нускада: мамлекеттик жана расмий тилдерде берилет.

9.5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун кароосуна берилген токтом долбоорлору жеткиликтүү иликтелүүгө жана каралып жаткан маселе боюнча иштин абалына анык баа берилүүгө тийиш.

9.6 .Мурда кабыл алынган чечимдерди өзгөртүү каралган токтомдордун долбоорлорунда кайсы чечимге жана анын кайсы бөлүгүнө кандай өзгөртүү киргизүү сунушталгандыгы же кайсы токтом күчүн жоготту деп таанылгандыгы көрсөтүлүшү керек. Зарыл болгон учурларда тиешелүү токтомдорду өзгөртүү боюнча сунуштарды даярдоо жөнүндө тапшырма берүү алдын ала каралат.

9.7 Пленумга коюлуучу материалдарга Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы жана анын орунбасарлары, ошондой эле Жогорку Соттун Төрагасынын тапшыруусу боюнча Жогорку Соттун судьялары баяндама беришет.

9.8. Жогорку Соттун Пленумунун токтомдорунун долбоорлорун Жогорку Соттун судьялары менен макулдаштырууну Жогорку Соттун Пленумунун катчысы уюштурат.

Жогорку Соттун судьялары токтомдордун долбоорлору менен макулдашуу жөнүндө сын-пикирлерди, каршы пикирлерди жана сунуштарды негиздөө менен зарыл болгон учурларда долбоорлордун такталган редакциясына расмий пикирлерди беш күндүн ичинде берүүгө милдеттүү.

9.9. Жогорку Соттун Пленумунун токтомунун долбоорун макулдашууну уюштурган Пленумдун катчысы айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумуна долбоорлорду киргизүүгө чейин келишпес пикирлерди четтетүү чараларын көрөт.

9.10 Жогорку Соттун Пленумунун кароосуна ушул бөлүмдүн көрсөтүлгөн талаптарын сактабастан киргизилген Пленумдун токтомунун долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун аппараты аркылуу толуктап иштеп чыгуу жана тиешелүү жазып толтуруу үчүн аларды киргизген кызмат адамдарына Пленумдун катчысы кайтарып берет.

9.11 Пленумду чакыруунун убактысы жана анын кароосуна киргизилүүчү маселелер Пленумдун мүчөлөрүнө күн мурунтан билдирилет.

## 10-Глава

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун отуруму

10.1. Жогорку Соттун Пленумунун отурумунун күн тартиби жана материалдары Пленумдун мүчөлөрүнө жана чакырылган жактарга отурумга чейин үч күндөн кечиктирилбестен тапшырылат.

Пленумдун отурумунун күн тартибин жана материалдарын жөнөтүү, Жогорку Соттун Пленумунун мүчөлөрүнө, чакырылган адамдарга отурумду өткөрүү күнү жана убактысы жөнүндө кабарландыруу жана отурмда тейлөө Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун аппараты тарабынан жүзөгө ашырылат.

10.2. Пленумдун отурумунда катышкан адамдарды каттоо Пленумдун катчысы тарабынан жүргүзүлөт.

10.3. Жогорку Соттун Пленумунун отурумунда каралуучу маселелерди даярдоону Жогорку Соттун Төрагасынын жана анын орун басарларынын жетекчилиги астында Жогорку Соттун судьялары, Жогорку Соттун аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү жүзөгө ашырат.

Зарыл учурларда маселелерди даярдоону Жогорку СоттунТөрагасы тарабынан түзүлгөн комиссиялар жүзөгө ашырышат, алардын чечимдери протокол түрүндө жазып толтурулат.

10.4. Жогорку Соттун Пленумунун отуруму Жогорку Соттун судьяларынын курамынын үчтөн эки бөлүгү катышса гана ыйгарым укуктуу деп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтому Жогорку Соттун Пленумунун добуш берүүгө катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен ачык добуш аркылуу кабыл алынат.

Эгерде Пленумдун мүчөсү кечиримдүү себептер боюнча отурумга катышпаса жана Пленумдун материалдары менен мурунтадан таанышып өзүнүн чечимин кат жүзүндө калтырса, анда ал чечим долбоорго добуш берүүдө эске алынат.

Пленумдун компетенциясына кирген айрым маселер боюнча чечимдерди Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун мүчөлөрүнүн пикирин жазуу түрүндө сурамжылоо жүргүзүү жолу менен кабыл алат.

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2012-жылдын 29-декабрындагы №12-токтомунун редакциясына ылайык).*

10.5. Жетектеме түшүндүрмөлөрү бар токтом долбоорун аягына чейин толуктап иштеп чыгуу үчүн Пленум өз мүчөлөрүнүн ичинен редакциялык комиссия түзөт. Анын ишине катышууга баяндамачылар жана кошумча баяндамачылар тартылышат. Ошондой эле прокуратура жана юстиция органдарынын өкүлдөрү, кызыкдар ведомостволордун өкүлдөрү жана окумуштуулар ишке тартылышы мүмкүн.

10.6. Жогорку Соттун Пленумунун отурумунун жүрүшүндө отурумдун протоколдору жүргүзүлөт. Көрсөтүлгөн протоколдорду жүргүзүү Жогорку Соттун аппараты тарабынан камсыз кылынат.

10.7. Протоколдор отурум аяктагандан кийин жети күндөн кеч эмес убакытта жазып толтурулат жана Пленумда төрагалык кылуучу менен катчы тарабынан кол коюлат

10.8. Пленумдун протоколдук тапшырмаларынын аткарылышына көзөмөлдүк Пленумдун катчысы тарабынан жүзөгө ашырылат.

## 11-Глава

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтому

11.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтомун кабыл алат.

Жогорку Соттун Пленуму тарабынан чыгарылган токтомдор Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жана жергиликтүү соттордун судьялары тарабынан аткарылууга милдеттүү.

11.2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтомуна Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы (же төрагалык кылуучу) жана катчы кол коюшат.

Жогорку Соттун Пленумунун токтому эгерде токтомдун өзүндө башка учур каралбаган болсо, ал кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет.

11.3. Пленумдун жыйналышында каралган Жогорку Соттун Пленумунун токтомдорунун долбоорлору зарылчылыгына жараша жыйында кабыл алынган чечимге ылайык жыйындарда түзүлгөн Жогорку соттун комиссиялары, башкармалыктары (бөлүмдөрү) тарабынан толукталып иштелип чыгат жана эгерде башка мөөнөт аныкталбаган болсо үч жумушчу күндүн ичинде кол коюуга берилет.

Жогорку Соттун Төрагасына же Жогорку Соттун Пленумунун отурумунун төрагалык кылуучуга Пленумдун токтомунун долбооруна кол коюу үчүн берүү Пленумдун катчысы тарабынан жүргүзүлөт.

11.4 Жогорку Соттун Пленумунун токтому Пленумдун токтомдорун каттоо журналында катталат. Жогорку Соттун Пленумунун токтомдоруна кол коюлган күнү менен иреттик номери жазылат жана таратуу үчүн Жогорку Соттун аппаратына берилет.

11.5 Кыргыз Республикасынын Пленумунун токтому «Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун бюллетени» журналында мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыялануусуга тийиш.

## 12-Глава
## Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму тарабынан мыйзамдардын жана башка ченемдик актыларынын долбоорлорун коомдук экспертизадан өткөрүү.

12.1 Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 52-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму соттордун ишине жана судьялардын статусуна тиешелүү болгон мыйзамдардын жана башка ченемдик актылардын долбоорлорун коомдук экспертизадан өткөрөт. Зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Президентине алар тарабынан чыгарылган укук ченемдик актыларга түшүндүрмө берүүнүн зарылчылыгы жөнүндө сунуш киргизет. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттор үчүн милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын күчүндөгү ченемдик укуктук актыларын колдонуу боюнча жетектеме түшүндүрмөлөрдү, ошондой эле соттордун жана укук коргоо органдарынын иш-аракеттерине тиешелүү болгон башка мыйзам жоболорун өзгөртүүнүн жана толуктоонун зарылчылыгы тууралуу сунуштарды чыгарат.